**ОшМУнун теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын**

**№ 3-Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов

Ош шаары, 28.12.2021-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Адылбек к. А.- Ассистент, аялдар кеңешинин төрайымы
3. Ажимаматов З.- Декан
4. Арипов Н.- Доцент
5. Жумабаев М.- Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
6. Жусубалиев А.- Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
7. Калбердиев А.- Доцент
8. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
9. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
10. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы

Себептүү :

1. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи
2. Кадыров М.- Ага окутуучу
3. Тойчуев А.- Жаштар Кеңешинин төрагасы

**Күн тартиби:**

1. Факультетте окуу-тарбия иштеринин жүрүшү жөнүндө тарбия иштер боюнча декандын орун басары М.Жумабаевдин баяндамасы.
2. Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жөнүндө декан З. Ажимаматовдун баяндамасы.
3. Факультеттеги коомдук уюмдар иш аракети жөнүндө кесиптик бирликтин төрагасы А. Жусубалиевдин баяндамасы.
4. Факультетте 2021-ж. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы жонүндө илимий иштер боюнча декандын орун басары А. Абдуганиевдин баяндамасы.
5. Ар түрдүү маселелер.

Scanned with CamScanner

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы *З. Ажимаматов* күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча тарбия иштер боюнча декандын орун басары *М. Жумабаевге* сөз берди:

Теология факультетинин 2021-2022-окуу жылына тарбиялык иштер боюнча план түзүлгөн, ректораттын иш планына ылайык болуш үчүн кечигип калдык. Иш планды түзүп онлайн жөнөттүм. План боюнча факультетке тиешелүү иш-чара жүрүп жатат өз убагында. Тарбиялык иштердин планында бекитилгендей Жаштар комитет менен биргеликте айлык пландалган иш-чаралар тиешелүү секторлорго бөлүнүп аткарылып жатат, буга сиздерда күбө болуп жатсыздар. Суроо, сунуштарыңыздар болсо жооп берүүгө даярмын.

*З. Ажимаматов:* Факультеттин иш планы окуу жылдын башында бекитилиш керек болчу, бирок университеттин иш-планы даяр эмес дегениңизге калып кеткен болчу, биздин факультеттке ылайык келген иш-чараларды биздин иш-планга кргиздиңизби?

*М. Жумабаев:* Мен карап чыгып, биздин факультетке ылайык келбеген иш-чараларды алып салдым.

*З. Ажимаматов:* Иш-чараларды формалдуу эмес, реалдуу аткарууга аракет жасайлы!

*М. Жумабаев:* Ар бир иш-чара тиешелүү тармактар тарабынан уюштурулуп жатат. Мисалы КВН, маданий, спорттук иш-чаралар өтүлүп жатат. Ошондой эле чет элдик университеттер менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат, кэмп уюштуруу боюнча, Түркиянын окутуучулары келип сабак өтүп беришсе деп. Кэмпке бир эле студенттер эмес, биздин окутуучулар да катышса болот.

*З. Ажимаматов:* КВН боюнча бизде талантуу балдар бар, факультеттин ичинде курстар арасында да КВН өткөзсөк, арасынан талантуу балдарды тандап факультеттин сборный комадасын түзсөк. Ушуга да көңүл буруп иш-чара өткөрүп берсеңиз. Башка сунуш болбосо кийнки маселеге өтсөк.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе боюнча *З. Ажимаматов* сөз сүйлөдү:

Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча Түркиянын Диянет фонду тарабынан каржыланып биздин окуу имаратында терезелерди пластик терезелерге алмаштырылды. Ошондой эле 2021- жылдын жайында университеттин тарабынан 1988-жылдан бери иштеп келип жаткан жылуулук системасын алмаштырылып берди. Азыркы учурда имараттын ичиндеги ажатканалар фонд тарабынан каржыланып ремонт болуп жатат. Ар бир аудиторияга камера коюу боюнча талкуу журуп жатат ректоратта. Бизге 3-этажда чон аудиториялардын биринде камера бар, калган 3 аудиторияга койсок деп ойлоп жатам. Кайсыл

Scanned with CamScanner

убаккытта азырынча белгисиз, ректоратта кабарын беришет. Өзү факультеттин жана жатакананын коопсуздугун эске алып, ар бир этажга жана кирүүгө заманбап камералар фонд тарабына коюлган.

Жарыш сөзгө чыкты *Т. Козукулов:* Чоң факультеттерде сабак өтпой койгон учурлар көп, биз чакан факультетпиз, биздин факультеттинтин өзгөчөлүгүн эске алып камера койдурбасак болот. Сабактар өз убагында өтөт, качпайбыз. Жамаат менен каршыбыз деп арыз жазсак болот.

*З. Ажимаматов:* Өзүңүз колго алыңыз анда бул маселени.

**III маселе**

**Угулду:** 3-маселе боюнча факультеттин кесиптик бирликтин төрагасы А. Жусубалиев сөз сүйлөдү:

Кесиптик бирликтин уюму тарабынан татыктуу окутуучу, кызматкерлерди сыйлоо боюнча аземи уюштурулат жылда. Биздин факультеттен да Ардак грамота алышты. Кесиптик бирликтен сыйлык ала электер болсо сунуштасаңыздар болот.

Бир сунушум бар эле, студенттерибизди хутбага жөнөтөйлү казыятка, муфтиятка, Жамаатты танып, имамдык милдетти аткарып, вааз жасап, келечегине пайда болот деген ойдомун. 4-курстун студенттери менен суйлөштүм, 2-3-курстан, колледжден да кызыккандар бар. Ошондой эле Хадис, Куран конкурстарын өткөрөйлү студенттердин арасында.

Ректорат уюштурган Жаңы Жылга балына бизге 5 место бөлүндү, 4 ажам жазылды, билеттин жарым акчасын кесиптик бирлик төлөп берет, экинчи жарымын айлык маянасынан кармап калат. Бизге бөлүнгөн акчалай каражатты жай айында коллектив менен чогу пикник уюштурайлы деген сунушум бар.

ОшМУнун профилакторийге 1 студентке орун бар. Кураторлор аныктап берсеңиздер жумага чейин. Колледждин студенттерине берсек деп сунуштайм.

*Ажимаматов З.:* Колледждин кураторлору тактап бериңиздер. Кесиптик бирликтин Ардак грамотасына, эгерде каршылар болбосо, быйылкы окуу жылдын эсебинен факультеттин методисти К. Казыбекованы сунуштаймын.

Сунушту баары колдошту.

**IV маселе**

**Угулду:** Факультетте 2021-ж. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы жөнүндө илимий иштер боюнча декандын орун басары А. Абдуганиев факультеттин окумуштуулар кеңешинин иш-планы боюнча 2022-жылдын февраль айында өтүлүшү керектин, бирок ректораттын талабына ылайык 2021-жылдын декабрь айында өткөрүүгө туура келгендигин айтты.

Scanned with CamScanner

Отчетту менен кеңештин мүчөлөрүн тааныштырып чыгып, сунуш, суроолоруна жооп берди.

Отчет тиркелет.

**Ар түрдүү маселелер:**

**I. Угулду: Коррупциялык тобокелчиликтердин алдын алуу жөнүндө:**

Жыйынды факультеттин окумуштуулар кеңешинин төрагасы, теология факультетинин деканы, доцент Ажимаматов Зайлабидин теология факультетинде коррупциялык элементтер жок экендигин, бирок сырттан келген окутуучуларга коррупциялык иш аракеттерге жол бербөө түшүндүрүү иштерин жүргүзүүсүн дайындады.

**II.** Дин таану жана гуманитардык предметтер кафедрасынын башчылык кызмат ордуна шайлоо

**Угулду:** Дин таану жана гуманитардык предметтер кафедрасынын башчылык кызмат ордуна талапкер:

1. Масиралиев Шумкар Пайизбекович – «Дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD), ага окутуучу.

Жыйынды уюштуруу комитетинин төрагасы, теология факультетинин деканы, доцент Ажимаматов Зайлабидин ачты.

*З. Ажимаматов:* Жыйындын негизги максаты – 2021-жылдын 28-октябрында «Ош шамы» гезитинин №31 (1548) санында жарыянын негизинде теология факультетинин «Дин таануу жана гуманитардык предметтер» кафедрасынын башчылык ваканттык кызмат ордуна шайлоо. Жобого ылайык, жалпы тизме боюнча 12 окутуучунун үчтөн эки бөлүгү катышса, шайлоо мыйзамдуу болду деп эсептелинет. Азыр катышкандар 83% келди. Жыйын башталсын деген сунуш бар. Жалпы жамааттын жыйынын баштоо маселесин добушка коем, добуш берип койсоңуздар.

«Башталсын» – баары, «калыс» – жок, «каршы» – жок. Бир добуштан бекитилди.

*З. Ажимаматов:* Процедуранын экинчи пункту боюнча кийинки этапка өтөлү.

2021-жылдын 28-октябрында бир талапкерден арыз түштү. Бул – Масиралиев Ш.П. 2021-жылдын 22-октябрында Масиралиев Ш.П. тестирлөөдөн жана комиссиядан өтүп, Дин таану жана гуманитардык предметтер кафедрасынын башчылык кызмат ордуна шайлоону 28.12.2021-жылы теология факультетинин Окумуштуулар кеңешининде өткөрүү чечилди.

Төрага *З. Ажимаматов* регламент боюнча кафедранын башчылык кызмат ордуна талапкер Ш. Масиралиевден өз платформасы менен таапыштырууга канча убакыт керегин сурады.

*Ш. Масиралиев*: 15 мүнөт

Scanned with CamScanner

*З. Ажимаматов.:* Андан кийин суроолор жана талкууга 10 мунөт берилет. Ушул регламентти колго салам, макул болсоңуздар добуш бериңиздер.

"Макул' – баары, "калыс" – жок, "каршы" – жок. Бир добуштан бекитилди.

*З. Ажимаматов.:* Эсептөө комиссиясы 3 адамдан болуш керек. Шайлоонун алдында бюллетенди алып, тизмеге кол коюу керек. Эгерде кандидатка добуш бере турган болсоңуздар, анда бюллетендеги «каршы» деген сөздү сызып таштоо, каршы болсоңуздар, анда «макул» деген сөздү сызып таштоо керек. Эгерде «макул», «каршы» деген сөздөрдүн экөөсү тең сызылып, же экөөсү тең сызылбай калса, анда бюллетень жараксыз деп табылат.

*З. Ажимаматов:* – Сөздү кандидатка берели.

*Ш. Масиралиев:* Урматтуу кесиптештер, кафедралык башчы ваканттык кызмат ордуна шайлоого өз талапкерлигимди койдум. Сиздерди 5 жылдык платформа менен тааныштырып кетсем.

Платформа тиркелет.

*З. Ажимаматов:* – Суроолор жана сунуштар болсо берсеңиздер? Талапкерге суроолор жана сунуштар болгон жок. Анда талапкерди талкууга өтсөк:

*Н. Арипов:* – Биз кичинекей жамаатпыз, ар ирибиздин ар түрдүү мүнөзүбүз, пикирибиз бар ошого аябай көтөрүмдүү болууну каалайм. Баарыбыздын оюбуз бир, биргеликте факультеттин ишмердүүлүгүн алып баруу, жашка карабай, адилетүү мамиле кылууну кеңеш катары айтып кетет элем.

*З. Ажимаматов:* – Анда эсептөө комиссиясын шайлап бекитип алсак. Кимди сунуштайсыздар?

Жыйындын катышуучулары төмөндөгүдөй курамды сунуштады:

Арипов Н. - дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доцентинин м.а.

Жусубалиев А. - дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын доцентинин м.а.

Абдуганиев А. - дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасынын окутуучусу.

*З. Ажимаматов:* – Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүүнү колго салалы.

«Макул» – баары, «калыс» – жок, «каршы» – жок. Бир добуштан бекитилди.

Эсептөө комиссиясынын курамы өз иштерин жүргүзүүнү башташты.

*З. Ажимаматов:* – Эсептөө комиссиясы, бюллетендерди алыңыздар. Шайлоо бюллетенин белгилөө боюнча, "птичка" же башка белгилер коюлбайт. Белгилөө эрежелери толук сакталыш керек, эрежелер бузулган болсо бюллетень "жараксыз" деп табылат. Бюллетенди кол коюп анан алсаңыздар.

Саат 16:50. Талапкерге добуш берилди. Андан кийин 2021-жылдын 28-декабрындагы теология факультетинин кафедралык башчы ваканттык кызматка шайлоо боюнча эсептөө комиссиясынын №1 токтому угулду.

Эсептөө комиссиясынын төрагасы Н. Арипов: Бүгүнкү шайлоого жалпысынан 10 шайлоочу катышты. Тизме боюнча – 10, шайлоочуларга таркатылган бюллетендердин

Scanned with CamScanner

саны – 10. Урнага түшкөн бюллетендердин саны – 10. Шайлоонун жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:
«Дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD), ага окутуучу - Ш.П. Масиралиевге :

«Макул» – 10, «каршы» – 0, "жараксыз" бюллетень – 0.

*З. Ажимаматов:* – Анда, эсептөө комиссиясынын чечимин бекитип коёлу:
«Макул» – баары, «калыс» – жок, «каршы» – жок. Бир добуштан бекитилди.

Куттуктоо үчүн З. Ажимаматов жана Н. Арипов сөзгө чыгышты.

*З. Ажимаматов:* - Шайлоо процедурасы боюнча суроо берүүгө милдеттүүмүн. Шайлоо туура эмес өткөрүлдү дегендер барбы? – Жок.

Суроолор жок болсо бүгүнкү жыйынды жабык деп жарыялайбыз, баарыңыздарга чоң рахмат.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин окумуштуулар кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Факультетте окуу-тарбия иштеринин жүрүшү жөнүндө жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын. Жаңы окуу жылында 2022-2023-окуу жылындагы кемчиликтер эске алынсын.
2. Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо иш-чаралары канааттандыраарлык деп эсептелсин.
3. Факультеттеги коомдук уюмдар иш аракети жөнүндө иш-чаралары канааттандыраарлык деп эсептелсин.
4. Факультетте 2021-ж. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын. Жаңы окуу жылында 2022-2023-окуу жылындагы кемчиликтер эске алынсын.
5. Сырттан келген окутуучуларга коррупциялык иш аракеттерге жол бербөө максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
6. Сырттан келген окутуучуларга алдын ала эскертүүлөр берилсин.
7. Коррупциялык тобокелчиликтердин алдын алуу боюнча иш-чараларды факультеттин окуу иштери боюнча декандын орун басары Т.Козукуловго милдеттендирилсин.
8. Теология факультетинин Дин таану жана гуманитардык предметтер кафедрасынын башчылык кызматына «Дин таануу» адистиги боюнча философия доктору (PhD), ага окутуучу Масиралиев Шумкар Пайизбекович шайланды деп эсептелсин.

Scanned with CamScanner

9. ОшМУнун ректорунан теология факультетинин жамаатынын жалпы жыйынынын токтомун бекитип берүү жагы суралсын.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner

"Бекитем"
ОшМУнун студенттик
коомчулук менен иштөө
боюнча проректору,
Ж.А. Артыкова
"_____"_______2021-ж.
_____________

"Макулдашылды"
ОшМУнун теология
факультетинин деканы,
доцент, З. К. Ажимаматов
"28" декабрь 2021-ж
_____________

**Теология факультетинин 2021-2022- окуу жылынын тарбиялык иштери боюнча түзүлгөн**

# ПЛАНЫ

Scanned with CamScanner

| № | Аткарылуучу иш-чаралар | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | **1. Уюштуруу иштери** | | | |
| 1 | Теология факультетинин тарбиялык иштеринин жылдык планын иштеп чыгуу | 1-сентябрга чейин | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 2 | Билим күнүн белгилөө жана аны уюштуруу | 1-сентябрь | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 3 | Студенттерди жатаканаларга жайгаштыруу боюнча кураторлордун иш чаралары жана аны көзөмөлгө алуу | Сентябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 4 | Кафедралардын тарбия иштери боюнча жылдык пландарын бекитүү | Сентябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, факультеттин деканы | |
| 5 | Кураторлордун тарбия иштери боюнча жылдык пландарын бекитүү. | Сентябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 6 | Факультеттин студенттерден түзүлгөн жаштар кеңешинин структурасы, студенттик акыйкатчы апаратынын стуруктурасы менен жолугушуу жана алардын иш пландарын бекитүү. | Сентябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 7 | Факульттетин деканатынын курамы (декан, декандын орун басарлары, профсоюз, методкеңеш, аялдар кеңеши) жаштар кеңеши, студенттик акыйкатчы апараты, старосталар жана активист студенттер менен жолугушуусу | Жылына 2 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 8 | Факульттеттин жаштар кеңеши, студенттик акыйкатчы апараты, тайпанын старосталары менен кеңешме өткөрүү | Айына бир жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 9 | Университеттеги тарбия, коомдук, маданий-массалык иш-чараларга жогорку деңгээлде катышуу | Жыл бою | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| | **2. Окуу–тарбия иштери** | | | |
| 1 | Кураторлордун жана тайпалык старосталардын, студенттердин милдет-укуктарын түшүндүрүү жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө | Октябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кураторлор | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2 | Тайпалардагы студенттердин сабакка катышуусун, жетишүүсүн көзөмөлдөө жана сабактарды көп калтырган студенттер менен табиялык иш жүргүзүү | Айына 1 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кураторлор | |
| 3 | Тартиби начар студенттерди кураторлоруна билдирүү менен тарбиялык иштерди алып баруу | Жыл бою | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кураторлор | |
| 4 | Ар бир тайпадагы кураторлук сааттардын өткөрүлүшүн көзөмөлдөө | Жыл бою | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 5 | Илимпоздор, факультеттеги агайлар, чыгармачыл инсандар менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү | Жыл бою | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кураторлор | |
| **3. Студенттердин улуттук дөөлөттөр менен тарбиялоо** | | | | |
| 1 | Кыргыз тилинин мамлекеттүүлүк күнүнө карата иш-чара өткөрүү | Сентябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 2 | Манас таануу предмети боюнча ОшМУ нун факультеттер аралык “Брейн-Ринг” билимдүүлөрдүн таймашына катыштыруу | Декабрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңешинин билим сектору | |
| 3 | “Кыргыздын улуттук кийимдери: кечээ, бүгүн, эртең тайпалык талкуулар (кураторлук саат өтүү) иш–чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө активдүү катышуу | Март, 2022-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кураторлор, жашт ар кеңеши | |
| 4 | Кыргыздын улуттук оюндары: ордо, күрөш, кол күрөш, аркан тартыш, гир көтөрүүнү уюштуруу | Март, 2022-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, кураторлор, жашт ар кеңеши | |
| **4. Гуманизмге тарбиялоочу иш-чаралар** | | | | |
| 1 | Студенттик тайпалардын айына бир жолу театрга баруусун уюштуруу (спектакль көрүү) | Эки айда 1 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 2 | Чыгармачыл студенттер менен акын жазуучулардын ортосунда поэзия кечесин уюштуруу (поэзия кечеси) | Эки айда 1 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 3 | Студенттер бош убактыларында катышуусу үчүн түрдүү ийримдерди (комуз, ыр, бий ж.б.) уюштуруу | Жыл бою | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Карыялар үйүнө баруу | Октябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 5 | Музейлерге баруу | Ноябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 6 | Балдар үйүнө баруу | Жылына 2 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 7 | Кайрымдуулук акцияларын уюштуруу | Жылына 2 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| | **5. Интеллектуалдык тарбиялык иш-чаралар** | | | |
| 1 | Факультеттин студенттик дискуссиялык клубун түзүү | Октябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 2 | Жатаканада жумалык семинарларды уюштуруу | Ай сайын | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 3 | Факультеттин ичинде дебаттарды жана дискуссияларды, интелектуалдык таймаштарды уюштуруу | Айына 1 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши, дебаттык жана дискуссиялык клубдар | |
| 4 | Факультеттеги, университеттеги көрүнүктүү илимпоздор менен студенттердин жолугушуусун уюштуруу | Жылына 1 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| | **6. Маданий – эстетикалык иш – чаралар** | | | |
| 1 | "Студенттикке кош келдин" аземин уюштуруу (1-курстар үчүн) | Октябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 2 | 17-Ноябрь студенттердин эл аралык күнүнө карата керектүү иш чараларды уюштуруу | 10-17-Ноябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 3 | ОшМУ нун факультеттерини ортосунда өткөрүлүүчү КВНге даярдануу жана катышуу | Мөөнөтү келгенде | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | 8-март "Аялдардын эл аралык күнүнө" карата майрамдык иш-чара уюштуруу. | 8-март 2022-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| **7. Спорттук иш – чаралар жана дене тарбиясы** | | | | |
| 1 | Сдуенттерди медициналык кароодон өткөрүү | Сентябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 2 | 1-курстар арасында спорттук мелдештин бардык түрлөрү боюнча оюндарды уюштуруу, мыктыларын тандап алып, ОшМУдагы факультеттер арасындагы спорттук иш-чарага катыштыруу | Октябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, спорт сектору | |
| 3 | "Спид жөнүндө эмнелерди билесиң?" адистер менен студенттердин жолугушууларын уюштуруу | 24-ноябрь-1-декабрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 4 | Факультеттин профессордук-окутуучулук курамын ОшМУнун факульттер арасында спорттук иш-чараларга катыштыруу | Январь 2022-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 5 | Спорттун бардык түрлөрү боюнча студенттерди университеттин факультеттер арасында уюштурулуучу мелдештерине катыштыруу | Жыл бою | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, спорт сектору | |
| 6 | Жалпы Теология факультеттеринин арасында спорттук мелдештерди өткөрүү | Жылына бир | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, спорт сектору | |
| **8. Саясий укуктук, патриоттук жана интернационалдык тарбия** | | | | |
| 1 | 1-сентябрь Билим күнү (майрамдын митинг уюштуруу) | 1-сентябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары | |
| 2 | "Улут болсом, тилим менен улутмун" мамлекеттик тил күнүн белгилөө | 23-сентябрь 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 3 | ОшМУнун жана факульттеттин уставы ички тартиби жөнүндөгү эрежелер менен студенттерди тааныштыруу | Отябрь, 2021-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, студенттик акыйкатчы | |
| 4 | 5-март улуттук "Ак калпак күнүн" белгилөө | 5-март 2022-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 5 | 5-май "Кыргыз республикасынын конституция күнүн" белгилөө | 5-май 2022-жыл | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | жаштар кеңеши | |
| 6 | "Тазалык ыймандан" аттуу ишембилик уюштуруу | Жылына 2 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |
| 7 | "Жугуштуу оорулардан сактаналы" ден соолук борборунун атайын адистери менен жолугушууларды уюштуруу | Жылына 1 жолу | Тарбия иштери боюнча декандын орун басары, жаштар кеңеши | |

Теология факультетинин
декандын тарбия иштери
боюнча орун басары: Жумабаев М.А

Scanned with CamScanner